**Атама**
Жараткандан узун өмүр тиленем,
Карааныңыз дайым бизге дем берген.
Уулум деген кымбат экен сөздөрүң,
Сүйүнсө да жашка толот көздөрүң.
**Кайырма:**
Таянарым аска зоом атакем,
Төрүбүздө дайым бирге жүрсө экен.
Кимиси деп небереден адашып,
Кылым гүлүн аралачы атакем.

Алыс кетсем көргүм келип сагынам,
Уккум келип сөзүңүздү абыдан.
Уйкусунан үч ойгонуп ар түнү,
Балдарынын амандыгын суранган.
**Кайырма:**
Таянарым аска зоом атакем,
Төрүбүздө дайым бирге жүрсө экен.
Кимиси деп небереден адашып,
Кылым гүлүн аралачы атакем.

Күндөн ысык биз үчүн күлкүңүз,
Бакыт экен балам деген сөзүңүз.
Айылдын көркү болуп аркачан,
Аталардын арасында жүрүңүз.
**Кайырма:**
Таянарым аска зоом атакем,
Төрүбүздө дайым бирге жүрсө экен.
Кимиси деп небереден адашып,
Кылым гүлүн аралачы атакем.